
# Көмөч нандын акылы



Автор: Халида Токоева

Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов

# Көмөч нандын акылы

Автор: Халида Токоева
Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2023

Copyright © 2023, Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Көмөч нандын акылы" (кыргыз тилинде), автор Халида Токоева, сүрөтчү Эльдар Есиналинов

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Токойдо Аюу менен Шрек кошуна жашайт. Экөө жаз майрамына карата Маша менен Фионага белек берүүнү кеңешишти. Бирок эмне берерин билишпей, кечке ойлонушту.

– Гүл! – деди Шрек.

– Жок, бал берели, – дейт Аюу тамшанып.




– Болбойт, Фионанын балдан аллергиясы бар.

–Таптым! Шарик беребиз! – деди Шрек кубанып.

– Шарикти Маша бат эле жарып салат. Башка бир нерсе табалы, – деди Аюу.

Экөө белек издеп, жолго чыгышат. Астынан Көмөч нан жолугат.



– Көмөч нан, кыздарга кандай белек берсе болот? – деп сурашты экөө жарыша.

– Торт жасап бергиле.

– Кантип? Биз жасаганды билбейбиз да?

– Мен үйрөтөм. Келгиле, чогуу жасайбыз, – деп Көмөч нан сунуш киргизди.


Үчөө биргеликте торт жасоого киришти. Аюу каткан балын чыгарды. Шрек кумшекер, Көмөч нан майын алып чыкты.

– Эми бизге жумуртка керек, – деди Көмөч нан.

– Менде жок.

– Менде дагы, – деди Шрек.

– Кайдан алабыз? Жумурткасыз торт жакшы болбойт, – деп Көмөч нан ойлонуп калды.





– Мен билем, жумуртканы кайдан алышты, – деп шакылдады аларды байкап турган сагызган.

– Айтчы бизге, – деп суранды Шрек.

– Силер мени араңарга кошсоңор, айтып берем, – деп шарт койду.

– Кошобуз! – деди үчөө тең жарыша.

– Азыр эле түлкү айылдан тоок кармап келди. Түлкүгө барып, тооктон жумуртка сурайлы.

– Ураа-аа! Кеттик! – деп Аюу тегеренип жиберди.



Ошентип алар жолго чыгышты. Суунун аркы жээгинде жашаган түлкү жаңы эле:

– Түшкүгө сонун тамак! – деп шилекейиң чубуртуп отурса, эшик такылдап калды.

– Тык! Тык!


– Ким бул? – деп түлкү чочуп кетти.

– Кошуна, сенде тоок бар деп уктук. Тооктон жумуртка сурап берчи, – деди Аюу.

– Тоокту жеп койдум, – деп Түлкү калп айтты.

Аңгыча кукулуктаган үн чыкты. Шрек үйдүн эшигин ачып жиберсе, тоок канаттарын каккылап мештен учуп чыкты. Түлкү калп айтып койгонуна ыңгайсыз болуп, уялып калды.


– Калп айтканым үчүн кечирип койгулачы. Силер менен чогуу торт жасасам болобу? – деп Түлкү суранды.



– Кыздардын жаз майрамына торт жасамакпыз. Мүмкүн болсо, жумуртка берип турбайсыңбы, – деп Көмөч нан тоокко кайрылды.

– Мени бошотсоңор, силерге көп жумуртка берем.

– Албетте, бошотобуз! – дешти.





Аман калганына сүйүнгөнток жумуртка берди. Аюу менен Шрек жаңы достору менен биргеликте чоң торт жасашты. Көмөч нан аларга үйрөтүп турду. Торт бышканча, сагызгандын чыдамы кетип, Маша менен Фионага меймандар келе жатат деп эскертип турду.

Кыздар кооз көйнөктөрүн кийип, атыр себинип, чачтарын тарап, супсулуу болуп отуруп калышты.

Аюу бир челек бал, Шрек атыр жыттуу гүл, тоок жумуртка, Көмөч нан чоң тортту көтөрүштү. Түлкү болсо шарик алып келди.

Алар майрамды эң сонун маанайда өткөрүштү. Абдан даамдуу тортту бардыгы тамшанып жешти. Жакшы белек тапканына Көмөч нан ичинен сыймыктанып турду.

Түлкү болсо Тоок менен элдешкенине кубанды.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Халида Токоева
Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- **2.2 деңгээли**

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли